Джумадилов Улан Джусупбековичтин 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишин уюштуруу адистиги боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга берилген «Кыргыз Республикасындагы прокуратура органдарынын жана прокуратура кызматкерлеринин укуктук абалы» темасындагы диссертациясына илимий жетекчинин **ПИКИРИ**

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында прокуратура органдарынын ишинин мыйзамдык базасы иштелип чыккан, ал бирдиктүү борборлоштурулган тутумун түзүүдө, алардан жогору турган прокурорго жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуроруна баш ийген прокурорлор. Ошону менен бирге, акыркы жылдарда укук коргоо органдарынын бүткүл тутумунда мүнөздүү болгон кемчиликтер жана көйгөйлөр (кылмыштуулукка каршы күрөш, анын уюшкан формаларынын өсүшүнүн, кылмыштуулуктун жаңы түрлөрүнүн жана формаларынын пайда болушунун шартында кескин түрдө ачыкка чыкты).

Прокуратура органдарын материалдык-техникалык жана ресурстук жактан камсыз кылуу боюнча көптөн бери чечилбей келген көйгөйлөр топтолуп калган, прокуратура органдарын бюджеттик каржылоодо бир катар көйгөйлөр бар.

Кыргыз Республикасынын прокуруратура органдарынын жана прокурорлордун укуктук абалынын теоретикалык проблемаларын илимий жактан негиздөө бүгүнкү күндө олуттуу илимий кызыгууну жаратууда. Бул изилдөө Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Конституциялык Мыйзамынын контекстинде прокуратуранын ишин изилдөөгө жана талдоого багытталган, мында прокуратура органдарынын ишин уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, алардын принциптери жана прокурорлорго карата талаптары изилденген. Автор мыйзамдардын аткарылышына жана жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына прокурордук көзөмөлдү ишке ашырууда, прокуратуранын ишин уюштурууда, ошондой эле



Scanned with CamScanner

прокуратура органдарынын кызматкеринин укуктук статусунун маселелерин изилдеген. Диссертацияда бул чөйрөдөгү көзөмөл чараларынын натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизген теориялык жана практикалык көйгөйлөр аныкталып, азыркы шарттарда прокурордук көзөмөлдү күчөтүү жана өркүндөтүү боюнча чаралар иштелип чыккан.

Иште теориялык позицияларды талдоодо жалпы илимий методдор – диалектикалык, формалдуу-логикалык, формалдуу-таанып билүүнүн укуктук салыштырма ыкмалары пайдаланылган. Диссертацияда туюнтулган негизги тыянактар, сунуштамалар Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жана прокуратура кызматкерлеринин укуктук абалын жакшыртууга, жалпысынан укуктук жөнгө салууну өркүндөтүүгө багаттылган.

Анын жүргүзгөн иштеринин жыйынтыгында изденүүчү У.Джумадиловдун тарабынан алынган натыйжалар, тыянактар жана сунуштар ички бирдиктүүлүгү менен мүнөздөлөт, өз ара тыгыз логикалык байланышта турушат.

Жогоруда белгиленгендерге байланыштуу илимий жетекчи катары Джумадилов Улан Джусупбековичтин «Кыргыз Республикасындагы прокуратура органдарынын жана прокуратура кызматкерлеринин укуктук абалы» деген темадагы диссертациясы бүткөрүлгөн илимий иш болуп саналат, жана КР Улуттук аттестациялык комиссиясынын койгон бардык талаптарына жооп бергендиктен диссертациялык кеңеште каралса болот, ал эми анын автору юридика илиминин кандидаты даражасын ыйгарып берүүгө татыктуу деп эсептеймин.

**Илимий жетекчиси:**
**юридика илиминин доктору, профессор**

**А.Ш. Шаршеналиев**

*ю.и.д., профессор А.Ш. Шаршеналиевдин кол тамгасын тастыктаймын*
*Ж. Баласагын атындагы КУУнун КБ башчысы*

*А.А. Жайнакова*



Scanned with CamScanner